# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2014-жыл апрель)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Апрель айында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча төрт аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу өткөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан 634,0 млн. сом суммасында баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 4,7 пайызга төмөн көрсөткүчтү берет. Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык мамлекеттик казына облигацияларын (МКО) сатуу басаңдап, жүгүртүү мөөнөтү 5 жылдык МКОлорду сатуу башталган. Алсак, жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык МКОлорду сатуу 57,3 пайызга, 284,0 млн. сомго чейин азайган. Баалуу кагаздарды сатуулардын мындайча төмөндөшү коммерциялык банктар тарабынан активдүүлүктүн басаңдашынын натыйжасынан улам болгон. Жүгүртүү мөөнөтү 5 жылдык МКОлорду сатуу 350,0 млн. сомду түзгөн. Канааттанган суроо-талап деңгээли 33,7 пайыздык пунктка өсүп, 64,8 пайызды түзгөн.

Кароого алынган мезгил аралыгында аталган баалуу кагаздарга болгон суроо-талап 942,0 млн. сомго чейин (+10,4 процента) жогорулаганы байкалган.

Мамлекеттик казына облигацияларынын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо айлык жалпы көрсөткүчү, кароого алынган аралыгында, жүгүртүү мөөнөтү 5 жылдык баалуу кагаздарды сатуунун эсебинен ай ичинде 4,1 пайыздык пунктка өсүү менен 17,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 2 жылдык баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү апрель айында 12,9 пайызды (+0,1 пайыздык пункт), 5 жылдык баалуу кагаздар – 19,9 пайызды түзгөн.

**График 2. МКОнун суроо-талабынын жана сунушуунун көлөмдөрүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**



Апрель айында жүгүртүүдөгү МКОлордун көлөмү 6,4 млрд. сомго чейин (+8,3 пайыз) өскөн. Ошол эле учурда коммерциялык банктардын үлүшү 6,0 пайыздык пунктка (45,9 пайызга чейин) азайгандыгы, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 6,1 пайыздык пунктка өсүп, 54,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жактар-резиденттердин салыштырма салмагы өткөн айдын 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган. Юридикалык жактар-резидент эместер жана жеке адамдар кароого алынган мезгил аралыгында аталган баалуу кагаздарды сатып алышкан эмес.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,34 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто үлүштөрү бирдей үч инвестордун катышкандыгына туура келет.

Кароого алынган мезгил аралыгында МКОлор менен операциялар экинчилик рынокто ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Апрель'2013 | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% |
| Февраль | 5 425 380,0 | 3 047 712,1 | 56,2% | 2 371 967,9 | 43,7% | 5 700,0 | 0,1% |
| Март | 5 916 280,0 | 3 073 612,1 | 52,0% | 2 836 967,9 | 48,0% | 5 700,0 | 0,1% |
| Апрель | 6 404 580,0 | 2 939 877,8 | 45,9% | 3 459 002 | 54,0% | 5 700,0 | 0,1% |

[1] Аталган индекс банктардын портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршман методикасы боюнча эсептелет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтөрдүн салыштырма салмактарынын квадраттарынын суммасын берет. Орун алышы ыктымал болгон индекстин маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер аралыгында орун алат. 0,10 кем индекстин мааниси концентрациялануунун төмөнкү деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине туура келет. Мисалга алсак, 0,50гө тең болгон концентрациялануу индекси рынокто үлүштөрү бирдей эки катышуучу катышкандыгына барабар; 0,30 – үч катышуучуга д.у.с.